# АРАЛЫК ОТЧЕТ
**19- октябрь – 9- ноябрь 2021- жыл**

**12- ноябрь 2021- жыл**

## I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

- 28- ноябрда өтө турган Жогорку Кеңешке (парламентке) шайлоо 2021 жылдын май айында жаңы конституция кабыл алынгандан бери өткөрүлгөн биринчи шайлоо болмокчу. Жарым президенттик системадан президенттик башкаруу формасына өтүү бийликтин тең салмактуулугунун өзгөрүшүнө алып келди. Бул конституционалдык реформаны демилгелеген президент Жапаров, учурдагы саясий чөйрөнү өзгөртүп, мамлекеттин саясий жашоосунда башкы ролду ойной баштады. Бул шайлоо 2021-жылдын октябрь айында мандаты аяктаган, бирок 2021- жылдын июнь айына чейин узартылган парламент тарабынан ишке ашырылган мыйзамдарды кеңири кароодон кийин өтөт жана 2020- жылдын октябрь айында башталган борбордоштуруу процессинин акыркы баскычы катары каралат.

- Президент шайлоону жарыялагандан бир аз мурда, парламент шайлоо системасына, шайлоочуларды каттоо, талапкерлерди каттоо, шайлоо администрациясын түзүү тартибине жана шайлоо күнүндөгү процедураларга таасир тийгизген жаңы жоболорду шайлоо боюнча мыйзамдарга киргизди. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери реформага бөлүнгөн убакыттын аздыгы шайлооочулардын жана шайлоо администрациясынын кызматкерлеринин жаңы система жана процедуралар менен таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн чектейт деп билдиришти. ДИАУБ жана Венеция Комиссиясынын сунуштоолоруна карабай, 2021- жылдын апрелинде кабыл алынган конституцияга айрым жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектеген жоболор киргизилди. Жаңы конституция, ошондой эле, президенттин шайлооо администрациясын түзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатып, мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлде судьяларды дайындоодо ага негизги ролду ыйгарат.

- Шайлооо аралаш система боюнча жүргүзүлөт жана 54 депутат ачык партия тизмелери аркылуу республика боюнча 5 пайыздык босогодон жана ар бир областта жана 2 шаарда 0.5 пайыздык босогодон өтүү аркылуу шайланат. Калган 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) мажоритардык система боюнча шайланышат.

- Парламенттик шайлоону Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан (БШК), 36 жаңы түзүлгөн аймактык шайлоо комиссиясынан жана 2494 участкалык шайлоо комиссиясынан турган үч баскычтуу шайлоо администрациясы өткөрөт. Мыйзамга жакында киргизилген өзгөртүүлөргө жараша, 12 мүчөдөн турган БШК курамынын жарымын президент, ал эми экинчи жарымын парламент дайындайт. Бардык деңгээлдеги комиссиялар тарабынан даярдыктар жүрүп жатат жана шайлоочуларга жана башка негизги кызыкдар тараптарга багытталган маалыматтык-түшүндүрүү өнөктүгү өткөрүлө башталды.

- Жаңыланган шайлоочулардын тизмелеринде шайлоо укугуна ээ 3,6 миллионго жакын адам катталды. Көпчүлүгү чет өлкөдө жашаган 290 миңге жакын жаран, биометрикалык каттоодон өтпөгөндүктөн, шайлоо укугунан ажырап калууда. Шайлоочулардын тизмелери коомчулуктун кароосу үчүн ачык, шайлоочулар өз алдынча шайлоо участкаларына жана мамлекеттик веб-портал аркылуу оңдоп-түзөөлөрдү жасоо үчүн кайрыла алышат. Шайлоочулардын добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнүн алынып салынышы шайлоочулардын айрым топторуна терс таасирин тийгизиши ыктымал.

- Соттуулугу жоюлбаган жарандардан сырткары, жашы 25-ке жеткен жана андан өткөн шайлоо укугуна ээ бардык шайлоочулар өз талапкерлигин көрсөтүүгө укуктуу. Жакынкы өзгөртүүлөр жаш боюнча талаптарды жогорулатты жана жогорку билим боюнча талапты киргизди. БШК 21 саясий партияны каттады, алардын 1036 талапкери бирдиктүү шайлоо округунан шайлоого катышышат, талапкерлердин 26 пайызы 35 жашка чейинкилер жана 18 пайызы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү. Бардык саясий партиялар 30 пайыздык гендердик квотаны аткарышты жана партиялык тизмелердеги талапкерлердин 36 пайызын аялдар түздү. Бир мандаттуу округдарда шайлоого катышкан 304 талапкердин 20сы гана (6,5 пайыз) аялдар. Шайлоо мыйзамы талапкерлерди тизмелер катталгандан кийин шайлоо күнүнө үч күн калганга чейин алып салууга жол берет, бирок 30 пайыздык гендердик квотанын сакталышын талап кылбайт.

- Үгүт өнөктүгү 29- октябрда башталып, ушул убакка чейин өлкө боюнча көрнөк-жарнак такталары жана плакаттар акырындык менен пайда болууда. ДИАУБдун маектештери үгүт иштеринин негизги куралы катары социалдык тармактар колдонула турганын белгилешти. 1- ноябрда президент Жапаров шайлоону эркин, таза жана ачык өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча жарлыкка кол коюп, бардык деңгээлдеги мамлекеттик башкаруу органдарына жана шайлоо комиссияларына мыйзамдарды так сактоону тапшырды.

- Бардык атаандаш партиялар жана бир мандаттуу округдардагы (БМО) талапкерлер өздөрүнүн үгүт каражаттарын башкаруу үчүн атайын банк эсептерин ачууга милдеттүү. Мыйзам мамлекеттик түз каржылоого уруксат бербейт, мыйзамдуу чектөөлөр жеке салымдарда да, үгүт иштерине кеткен чыгымдарда да сакталышы керек. Шайлоо өнөктүгүнүн каржыланышы БШК тарабынан көзөмөлдөнөт. БШК банктар тарабынан берилген маалыматтардын негизинде талапкерлердин салымдары жана чыгашалары боюнча жаңы маалыматты үзгүлтүксүз жарыялап турат. Талапкерлер шайлоо күнүнө 10 күн калганга чейин бир каржылык отчет берүүгө милдеттүү. Бирок бул отчеттор шайлоо күнүнөн кийин текшерилет жана ДИАУБдун мурдагы сунуштарына карабай, мыйзам аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону талап кылбайт.

- Конституция сөз эркиндигин кепилдеп, цензурага жана жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салат. Ошол эле учурда бир нече укуктук- ченемдик актылар, сөз эркиндигин чектөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн, өтө кеңири жана так эмес жоболорду камтыйт. 1- ноябрдан тарта мамлекет тарабынан каржыланган КТРК жана ЭлТР каналдары БШК бөлүп берген акысыз эфирдик убакытты прайм-тайм режиминде трансляциялай баштады. Атаандаштарга акысыз эфир убактысын, анын ичинде дебат учурунда, башка атаандаштарын сынга алуу үчүн пайдаланууга жол берилбейт. ДИАУБ ШБМ 22- октябрдан тарта маалымат каражаттарына мониторинг жасай баштады.

- БШКга 50 чакты арыз, анын ичинде добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу боюнча даттануулар келип түштү. Алардын 4 укук коргоо органдарына өткөрүлүп, сотко чейинки тергөө иштери жүрүп жатат. Жаңы Конституцияга ылайык түзүлгөн Конституциялык сотко шайлоого байланыштуу 3 арыз келип түшкөн. Бирок анын ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзамга президент кол кое элек болгондуктан, Конституциялык сот ишке кирише элек.

## II. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын бийлигинин чакыруусунан улам, 28- ноябрдагы парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) 2021- жылдын 19- октябрында Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ШБМ) түзгөн.[1] ДИАУБ ШБМ Элчи Одри Гловер тарабынан жетектелет жана Бишкек шаарында жайгаштырылган 13 негизги топ мүчөсүнөн жана 27- октябрда Кыргыз Республикасынын бардык жети облусуна жана Бишкек жана Ош шаарларына жайгаштырылган 26 узак мөөнөттүү байкоочулардан (УМБ) турат. Негизги команда мүчөлөрү жана УМБ ЕККУнун 18 мүчө мамлекетинен тандалган.

## III. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Президент Садыр Жапаров 29- августта бир палаталуу Жогорку Кеңешке (парламентке) шайлоону 28- ноябрга белгилеген. ДИАУБ ШБМ маектештери бул шайлоо 2020- жылдын октябрындагы окуялардан кийин башталган борборлоштуруу процессинин акыркы баскычы экенин белгилешти. Президенттин өлкөнүн саясий турмушундагы үстөмдүк ролу азыркы саясий чөйрөнү калыптандырып, күчтөрдүн тең салмактуулугун олуттуу түрдө өзгөрттү.

Акыркы парламенттик шайлоо 2020- жылдын 4- октябрында өткөрүлүп, эки күндөн кийин анын жыйынтыгы ири масштабдуу жана зомбулук менен коштолгон наразылык акцияларынан улам БШК тарабынан жокко чыгарылган. Андан кийин белгисиздик мезгили келип, Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Садыр Жапаровдун талапкерлиги премьер-министрликке коюлуп, кийин парламент тарабынан бул кызматка дайындалган. Ишин аяктап жаткан парламенттин мандаты 2020- жылдын октябрында аяктаган, бирок мыйзам аркылуу 2021- жылдын июнуна чейин узартылган.[2] Президент Жээнбеков кызматынан кетээрин 15- октябрда жарыялаган. Парламенттин спикери даражасы боюнча президенттикке кийинки талапкер болмок, бирок ал кызматка киришүүдөн баш тарткан. Ошентип, Конституцияга ылайык, президенттин милдетин аткаруучу болуп премьер- министрдин милдетин аткаруучу Жапаров дайындалган, ошентип ал эки кызматты тең ээледи.

---

[1] Кыргыз Республикасында шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча мурунку отчетторду караңыз.

[2] Жогорку Соттун Конституциялык палатасы мыйзамды конституциялык деп тапканы менен, ал «ашыкча узак жана объективдүү себептер менен актоого мүмкүн эмес» деп, кабыл алынышынын кийинкиге жылдыруунун узактыгын сынга алды. Белгилей кетсек, мыйзам боюнча кайрадан шайлоо 1-июндан кеч өткөрүлбөшү керек болчу. Ага кошумча, парламенттин ишинин мөөнөтүн узартуу учурунда анын ишмердүүлүгү «эстүү чектөө принцибине негизделиши керек» деп белгиленет. 2020-жылдын ноябрында Укук аркылуу Демократия үчүн Европа Комиссиясы (Венеция комиссиясы) Конституциялык реформанын негизинде шайлоону кийинкиге калтырууга байланыштуу шашылыш түрдө даярдалган Amicus Curiae кыскача баяндамасында мындай деп билдирди: «Мыйзам чыгаруучу органдын мыйзамдуу мөөнөтү аяктагандан кийинки узартылган мөөнөт мезгилинде парламент айрым катардагы функцияларды аткарууга гана укуктуу, ал эми өзгөчө чараларды, анын ичинде конституциялык реформаларды бекитүүгө жол берилбейт».

2020- жылдын октябрынын ортосунан ноябрдын башына чейинки мөөнөттө Жапаров мырзанын демилгеси менен парламент президенттик республиканы түзүү үчүн жаңы

Конституциянын долбоорун сунуштаган. Анда президенттин бийлигин бир кыйла көбөйткөн кеңири масштабдагы өзгөртүүлөр камтылган. 17- ноябрда жарыяланган конституциянын долбоору боюнча конституциялык референдум жарандык коомдун кеңири наразычылыгына жана эл аралык коомчулуктун тынчсыздануу билдирүүсүнө алып келди. Жыйынтыгында 2021- жылдын 10- январына мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо менен катар мамлекеттик башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум дайындалган. Жапаров мырза президенттик шайлоого катышып, жеңишке ээ болгон жана референдумдун жыйынтыгында башкаруунун президенттик формасы жарыяланган.[3] Конституциянын долбоору февраль айында парламентке киргизилген жана марттын башында тездетилген процедуралар аркылуу кабыл алынган долбоор боюнча референдум 10- апрелге белгиленген. Натыйжада долбоорду коомдук кароо, кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультация жүргүзүү же парламентте талкуулоо үчүн убакыт жетишсиз болгон.

Жаңы Конституция 2021- жылдын май айында күчүнө кирди. Жаңы Конституцияга ылайык, парламенттеги мандаттардын саны 25 пайызга 120дан 90го кыскарган.[4] Конституциянын институционалдык негиздери жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча көптөгөн жоболору, анын ичинде президенттин, парламенттин жана соттордун ыйгарым укуктары жана компетенциялары, ошондой эле адам укуктары менен эркиндиктерине байланыштуу жоболор эл аралык стандарттарга жана ЕККУнун алдындагы милдеттенмелерге туура келбейт деген баа берилген.[5]

Февраль айынын башында президент мыйзамдарды кеңири карап чыгууну талап кылган жарлык чыгарган, ал жыйынтыгында өтө көп сандагы мыйзамдарга таасирин тийгизген.[6] Июнь айынан тартып, иштөө мөөнөтү бүткөнүнө карабастан, парламент көптөгөн мыйзам долбоорлорун, анын ичинде президенттин жаңы конституциялык ыйгарым укуктарын тартипке келтирүүчү мыйзамдарды кабыл алууну уланткан.[7] ДИАУБ ШБМ маектештери бул

---

3 С. Жапаров добуштардын 79,2 пайызына ээ болду. Референдумда президенттик республика үчүн шайлоочулардын 81,3 пайызы, парламенттик республика үчүн 10,9 пайызы жана бардык тандоолорго каршы 4,4 пайызы добуш берген. Шайлоого катышкандардын жалпы пайызы 39,1 пайызды түздү.

4 Конституция, башка функцияларынан сырткары, аткаруу бийлигинин башчысынын ыйгарым укуктарын премьер-министрден президентке өткөрүп берет; анда президенттин бирдиктүү алты жылдык мандатын эки беш жылдык мөөнөткө алмаштыруу каралат; Конституция ошондой эле президентке жаңы түзүлгөн 2500 адамдан турган “Элдик Курултайдын” (тарыхый көчмөн элдердин аксакалдарынын салттуу кеңеши) жыйналыштарында сөз сүйлөөгө укук берет.

5 2021-жылдын мартында жарыяланган Венеция комиссиясы менен ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутундусун көрүңүз.

6 ДИАУБ ШБМ маектештери болжолдуу 400 мыйзамга терс таасир тийгизилди деп эсептешет. Жарлык менен Кыргыз Республикасынын Президентинин сайтынан таанышууга болот.

7 «Министрлер кабинети жөнүндө» конституциялык мыйзам бир учурда премьер-министрдин ордуна президентке жооптуу Президенттин администрациясынын жетекчисин жана министрлер кабинетинин төрагасын  коёт. Мыйзам ошондой эле, президент тарабынан бекитилбеген учурда, өкмөт мүчөлөрүнө каршы кылмыш ишин козгоого тыюу салат, президент ошондой эле өкмөттүн айрым мүчөлөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу укугуна ээ. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзам президентке жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу боюнча кеңири ыйгарым укуктарды берет. Эки мыйзам тең 2021-жылдын октябрында шайлоо жараянынын жүрүшүндө кабыл алынган.

өзгөрүүлөрдү коррупция жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугу сыяктуу коомчулукту кызыктырган маселелерди чечүү үчүн тез жана күчтүү чечимдерди талап кылган коомдук маанайга жооп иретинде бийликти консолидациялоого карай кадамдар катары көрүшөт.

ДИАУБ ШБМ маектештери ошондой эле 2020- жылдын октябрына чейин башталган саясий чөйрөдөгү терең өзгөрүүлөрдү белгилешти, мурунтадан бери бийликке ээ болгон партиялар өз таасирин жоготуп, жаңылары пайда болуп, ошону менен бирге негизинен жеке инсандын

кызыкчылыктарына негизделген чөйрөнү андан ары майдалап бөлүүдө.[8] ДИАУБ ШБМ маектештери алдыдагы шайлоодо так аныкталган башкаруучу партия жок экенин, бирок президент менен тыгыз байланышта турат деп эсептелген бир нече партия бар экенин билдиришти. Ал эми президент эч бир партияны колдобой турганын ачык айтты. 2015- жылы шайланган, мөөнөтү аягына чыгып жаткан парламент алты партиядан турат: Кыргызстан Социал-Демократиялык Партиясы (КСДП, 38 мандат), Республика - Ата Журт (28), Кыргызстан партиясы (18), Бир Бол (12), Ата Мекен (11), Өнүгүү-Прогресс (10) жана эч бир партияда турбаган депутаттар (3).

Гендердик тең укуктуулук боюнча мыйзам 2008- жылдан баштап ишке кирген.[9] Бул мыйзам аялдар менен эркектердин ортосунда саясий тең укуктуулукту кепилдеп, мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына өкүлчүлүк боюнча талаптарды киргизет, бул талаптар бир жыныстагы адамдардын санын 70%га чейин чектейт. Ошондой эле өкүлчүлүк боюнча талаптар жаңы шайлоо системасынын пропорционалдык компонентинде чагылдырылган. Азыркы учурда 120 мандаттуу парламентте 20 гана айым бар. Айрым ЕККУ ШБМдин маектештери депутаттардын санынын кыскарышы менен аралаш шайлоо системасынын киргизилиши аялдардын саясатка катышуусуна жана өкүлчүлүгүнө терс таасир тийгизиши ыктымал деген ойду билдиришти.

## IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗ

Учурдагы конституция 2021- жылдын апрель айында референдумда кабыл алынган.[10] Жаңы конституция депутаттардын санын 120дан 90го азайтканы менен, аларды шайлоо үчүн так системасы каралган эмес.[11] 2021- жылдын 26- августунда, президенттин демилгеси боюнча, парламент мурунку жабык тизмелүү пропорционалдык өкүлчүлүк системасынын ордуна аралаш шайлоо системасын киргизген жаңы мыйзамды кабыл алды.[12]

Жаңы кабыл алынган шайлоо системасы боюнча, шайлоочулар 5 жылдык мөөнөткө 90 депутатты тандашат, 54 депутат жалпы мамлекеттик ачык партиялык тизмелер аркылуу, ал

---

8 Шайлоого катышкан 21 партиянын бешөө (Ыйман Нуру, Ата Мекен, Бүтүн Кыргызстан, Ордо жана Социал-демократтар) былтыркы парламенттик шайлоого катышкан. Калган партиялар быйылкы шайлоого биринчи жолу же ребрендингден кийин катышууда. Белгилей кетсек, 2021-жылдын августундагы шайлоо мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр партиялар шайлоо күнүнө кеминде алты ай калганда каттоодон өтүүсү керек деген талапты жокко чыгарган.

9 2008-жылкы «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам.

10 Конституциянын долбоору боюнча ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын биргелешкен корутундусунда берилген сунуштарынын бири да акыркы документте чагылдырылган жок.

11 Буга чейин шайлоо системасы Конституция тарабынан аныкталган.

12 Жаңы Конституция президентке мыйзам чыгарууну демилгелөө укугун берет.

эми 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) бир турдук мажоритардык система боюнча шайланат. Пропорционалдык компонентте мандаттарды бөлүштүрүүгө катышууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн, саясий партиялар жалпы мамлекет боюнча добуштардын 5 пайыздык босогосунан жана бардык 7 областтан жана Бишкек менен Ош шаарларынан 0.5 пайыздык босогосунан өтүүсү керек.[13] Пропорционалдык компонент аркылуу партия эң көбү 27 мандат ала алат.[14] Мыйзам боюнча пропорционалдык шайлоо үчүн 30 пайыздык гендердик квота сакталат. БМОдо эң көп добушка ээ болгон талапкер шайланат.[15]

Акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, БШК 36 БМОну түздү. Мыйзам округдар боюнча шайлоо укугуна ээ болгон шайлоочулардын саны, орточо көрсөткүчтөн 20 пайызга чейинки четтөө менен, болжол менен бирдей болушун талап кылат. Сегиз шайлоо округундагы шайлоочулардын саны, мыйзам чегинде болсо да, ар бир депутаттык мандатка ылайык келген шайлоочулардын республикалык орточо санынан 15 пайыздан ашты.[16] БШК ДИАУБ ШБМга шайлоочулардын санындагы айырма калктын өлкөнүн ичинде географиялык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу экенин билдирди.

Парламенттик шайлоонун мыйзамдык базасы биринчи кезекте 2021- жылкы Конституциядан, 2011- жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык мыйзамдан (шайлоо мыйзамы), 2021- жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” мыйзамдан жана 2011- жылдагы “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” мыйзамдардан турат. Башка тиешелүү актыларга Кыргыз Республикасынын “Саясий партиялар жөнүндө”, “Тынч чогулуштар жөнүндө” мыйзамдары жана шайлоо мыйзамдарын бузуулар үчүн санкциялар каралган мыйзамдар кирет.[17] Кыргыз Республикасы демократиялык шайлоолорго байланыштуу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[18]

---

13 ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия үчүн Комиссиясы (Венеция Комиссиясы) буга чейин мандаттарды бөлүштүрүү эрежелерин жана кош босогону кайра карап чыгууну сунуштаган.

14 Шайлоонун жыйынтыгында бир партия 27ден ашык мандат алса, калган мандаттар босогодон өткөн партиялар арасында бөлүштүрүлөт. Бир гана партия босогодон өткөн учурда эмне болоору мыйзамда каралган эмес.

15 Эгерде шайлоодон кийин талапкер кызматын калтырып, анын депутаттык мандаты бош калган учурда, эки айдын ичинде анын аймагы боюнча жаңы шайлоо өткөрүлүүгө тийиш.

16 Аталган округдар: Көк-Жар (80 426), Ноокат (82 006), Төлөйкөн (118 551), Аксы (80 516), Ала-Бука (80 453), Манас (82 676), Талас шаары (80 433), Ак-Суу (118 513). БШК Бир аймак боюнча шайлоочулардын орточо саны 100 476 деп белгилеген. Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбалар кодексинин 2.2-бөлүмүнүн 15-пунктунда “Бөлүштүрүү критерийинен жол берилген максималдуу чегинүү... сейрек учурда гана 10%дан көп болушу мүмкүн жана өтө өзгөчө кырдаалдардан сырткары учурларда эч качан 15%дан ашпашы керек…” деп айтылат.

17 Административдик мыйзамдардын реформаланышы күтүлүүдө. Андан тышкары, ДИАУБ ШБМ маектештеринин айтымы боюнча, парламент тарабынан кабыл алынган Кылмыш-жаза кодекси президенттин кол коюусун күтүүдө. Кодекстин акыркы версиясы коомчулукка жеткиликтүү эмес.

18 Аларга 1965-жылда кабыл алынган Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, 1966-жылкы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 1979-жылкы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана анын факультативдик протоколу, Демократиялык шайлоо, шайлоо укуктары жана эркиндиктери үчүн стандарттар боюнча КМШнын 2002-жылдагы Конвенциясы жана БУУнун Коррупцияга каршы 2003-жылдагы Конвенциясы жана 2006-жылдагы Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция (CRPD) кирет.

Учурдагы Конституция 2021- жылдын апрелинде референдум аркылуу кабыл алынган. ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, анда айрым жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектеген жоболор камтылган. [19]

Башка өзгөртүүлөр менен катар ал депутаттарды кайра чакыртып алуу мүмкүнчүлүгүн берген жоболорду киргизди, талапкерлердин парламенттик шайлоого катышууга жарамдуулук курагын 21 жаштан 25 жашка чейин жогорулатты жана президентке БШКнын курамын түзүүгө катышуусун жогорулатып, улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги судьяларды дайындоодо чечүүчү ролду берди.[20]

2020- жылдын 20- октябрында өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгы жараксыз деп табылгандан кийин шайлоо мыйзамына бир нече жолу өзгөртүүлөр киргизилген. 2020-жылдын ноябрында киргизилген өзгөртүүлөр адамдардын убактылуу жашаган жеринде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, саясий партиялар үчүн шайлоо күрөөсүн 5 миллион сомдон 1 миллионго (болжол менен 10 150 евро) түшүрдү. [21] 2020- жылдын ноябрында шайлоо босогосу 7 пайыздан 3 пайызга түшүрүлсө, 2021- жылдын августунда кайра 5 пайызга көтөрүлгөн.

Жаңы аралаш шайлоо системасынын киргизилиши шайлоочуларды каттоо, талапкерлерди каттоо, үгүт иштерин каржылоо жана шайлоону башкаруу боюнча жоболордогу зарыл өзгөртүүлөрдүн киргизилиши жана шайлоо күнүнүн жол-жоболорун олуттуу түрдө өзгөрүшү менен коштолду. Ага кошумча, августта шайлоо мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр депутаттыкка талапкерлерге жогорку билим боюнча, ошондой эле расмий кызматтар жана талапкердин статусу менен жөндөмдүүлүгү жана үгүт өнөктүгү үчүн жаңы жоболорду киргизди (*Үгүт чөйрөсүн* көрүңүз). ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери түзөтүүлөр бардык шайлоого кызыкдар тараптар менен жетиштүү деңгээлде талкууланбаганын жана аларды кабыл алуу мөөнөтүнөн улам шайлоочулар менен шайлоо органдарынын кызматкерлери жаңы система жана анын процедуралары менен таанышууга мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү эмес болгон деп эсептешет. [22]

## V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Парламенттик шайлоо Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан (БШК), 36 аймактык шайлоо комиссияларынан (АШК) жана 2494 участкалык шайлоо

---

19 Мисалы, Конституциянын 10-беренесинин 4-пунктунда “Өсүп келе жаткан муунду коргоо максатында Кыргыз Республикасынын элинин моралдык жана адеп-ахлактык баалуулуктарына, коомдук аң-сезимине карама-каршы келген иш-чаралар мыйзам менен чектелиши мүмкүн” деп жазылган. Венеция комиссиясы жана ДИАУБ бул чектөөнү алып салууну буга чейин сунушташкан (ММКны көрүңүз). Ага кошумча, Венеция комиссиясы менен ДИАУБ 2021-жылдын мартында Конституциянын долбоору боюнча биргелешкен корутундусунда Венеция комиссиясы менен ДИАУБ 2021-жылдын мартында Конституциянын долбоору боюнча биргелешкен корутундусунда “диний же этникалык атрибуттары бар саясий партияларды түзүүгө жалпы тыюу салуу, пропорционалдуу эмес” деп белгиленген, Конституциянын 8.3-беренеси 3-пункту, башкадан сырткары, «диний жана этностук негизде саясий партияларды түзүүгө» тыюу салат.

20 Конституцияга ылайык, парламент: «Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүн шайлайт; алардын жарымы президент тарабынан, экинчи жарымы парламенттин демилгеси боюнча дайындалат». Буга чейин президент БШК курамынын үчтөн бирин гана сунуш кыла алчу.

21 Бул эки талапты тең 2020-жылдын октябрындагы парламенттик шайлоодон кийинки наразылык акциясына чыккандар коюшкан. 1 евро болжол менен 99 сомго барабар.

22 Түзөтүүлөр шайлоо дайындалганга үч күн калганда, 26-августта кабыл алынган.

комиссияларынан (УШК), анын ичинде 29 өлкөдө чет өлкөдөгү шайлоочулар үчүн 59 шайлоо участогунан турган үч баскычтуу шайлоо администрациясы тарабынан уюштурулат.[23] АШКлар ар бир парламенттик шайлоодо БШК тарабынан дайындалып, шайлоонун жыйынтыгы жарыялангандан кийин таркатылуучу убактылуу иштеген органдар.

Учурдагы БШК 2021- жылдын 30- июнунда дайындалган жана парламент тарабынан жашыруун добуш берүү жолу менен бекитилген 12 мүчөдөн турат.[24] Конституцияга киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, анын мүчөлөрүнүн жарымын президент, жарымын парламент сунуштайт.

Бул ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, БШКнын курамын түзүүдө президенттин ролун жогорулатат.[25] Комиссия мүчөлөрүн дайындоо үчүн парламенттик процедуралар жөнгө салынган эмес, айрым маектештер бул процессте ачык-айкындуулуктун жоктугуна тынчсыздануусун билдиришкен.[26] БШКда 30 пайыздык гендердик квота сакталган, комиссиянын төрт мүчөсү, анын ичинде төрайымы, аялдар.

АШК өз шайлоо округунун чегинде иштеген тиешелүү территориялык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн түзүлгөн 12ден кем эмес адамдан турат.[27] АШКларды түзүү жолу 2021- жылдын августунда кабыл алынган БШКнын жобосу менен аныкталган, бирок бул жобо дагы эле жарыялана элек, бул белгисиздикти жаратып, шайлоого кызыкдар тараптарды маалыматсыз калтырууда.[28] Бардык АШКлар 2021- жылдын 12- сентябрына чейинки мыйзамдуу мөөнөттө түзүлгөн. Алардын жарымына жакыны аялдар, анын ичинде 36 төраганын ону жана 26 катчы.

БШКнын жыйындары коомчулук жана байкоочулар менен ММК үчүн ачык, алар ошондой эле онлайн режиминде көрсөтүлүп, андан кийин БШКнын Ютюб каналына жүктөлөт. Мыйзам БШК мүчөлөрүн бардык жыйындарга катышууга милдеттендирет. Пандемияга байланыштуу акыркы өзгөртүүлөрдөн улам, БШКнын Регламентинин 25- беренеси видеоконференция аркылуу гана алыстан катышууга уруксат берет. Жалпысынан, отурумдар онлайн жана бетме-бет катышууну айкалыштырса, иш жүзүндө айрым мүчөлөр ВотсАпта үн билдирүүсү аркылуу алдын ала сессиянын күн тартиби же белгилүү бир маселелер боюнча добуштарын жөнөтүшкөн.

Отурумдар көбүнчө БШКнын веб-сайтында жана анын социалдык медиа каналында башталаар алдында жарыялангандыктан, катышууну же онлайн көрүүнү каалагандарга

---

23 Чет өлкөдөгү шайлоочулар бирдиктүү улуттук шайлоо округу боюнча гана добуш бере алышат. 2021-жылдын январындагы президенттик шайлоодо чет өлкөлөрдө 48 УШК түзүлгөн. Бул шайлоо үчүн Венгрия, Италия, Россия, Түркия жана АКШда кошумча УШКлар түзүлгөн.

24 Парламент тарабынан сунушталган БШК мүчөлөрү алты партиянын өкүлдөрү: Бир Бол, Ата Мекен, Өнүгүү – Прогресс, Республика-Ата Журт, Кыргызстан жана КСДП.

25 Венеция комиссиясы менен ДИАУБ 2021-жылдын мартында Конституциянын долбоору боюнча биргелешкен корутундусунда “сунушталган модель азыркы тең салмактуулукту четке кагып, БШКны түзүүгө Президенттин кеңири катышуусун мүмкүн кылат” деп белгилешет.

26 БШК ДИАУБ ШБМга мыйзам 26-июнда күчүнө киргенинен 30-июнда БШКнын жаңы курамын парламент бекиткенге чейинки мөөнөттүн кыскалыгына байланыштуу жобо кабыл алынган жок деп билдирди.

27 Территориялык шайлоо комиссиялары (ТШК) шайлоону башкаруу системасынын мүчөсү болуп саналат, бирок келе жаткан шайлоодо иштебейт. БШК, ТШК жана УШКлар беш жылдык мөөнөткө дайындалган туруктуу орган болуп саналат

28 БШКнын 2021-жылдын 29-августундагы № 658 Шайлоо комиссияларын түзүү жөнүндө жобосу.

жетиштүү убакыт берилбей калууда.[29] Мыйзам БШКнын чечимдерин 24 сааттын ичинде анын сайтында жарыялоону талап кылганы менен, айрым чечимдер өз убагында жарыяланган эмес.

БШК 27- 28 - октябрда АШК мүчөлөрүнө тренингдерди өткөрдү, ал эми УШКнын тренингдери азыркы учурда өткөрүлүүдө. БШК шайлоо жараянынына, анын ичинде шайлоо күнүнө карата эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн Саламаттыкты сактоо министрлиги менен биргеликте иштелип чыккан КОВИД - 19га каршы атайын чараларды бекитти. БШК бардык шайлоо участокторунда көрүүсү начар шайлоочуларга көмөкчү шаймандарды, анын ичинде тактилдүү бюллетендерди камсыз кылат. БШКнын маалыматы боюнча, УШКлардын 85 пайызы кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн жеткиликтүү.

Айрым ДИАУБ ШБМдин маектештери, жаңы аралаш шайлоо системасын эске алганда, жаңы татаал бюллетендерге байланыштуу добуш берүүдө жана эсептөөдө кыйынчылыктар пайда болушу мүмкүн экендигине тынчсыздануусун билдиришкен.

БШК жарнамалык такталарды жана плакаттарды, ошондой эле теле, интернет жана социалдык тармактардагы түшүндүрүү видеолорун, ошондой эле жаңдоо тилиндеги материалдарды колдонуу аркылуу ар түрдүү кызыкдар тараптар үчүн, алардын ичинде шайлоочулар, талапкерлер, талапкерлердин өкүлдөрү жана ММКлар үчүн билимди жогорулатуу өнөктүгүн баштады.[30]

## VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карай 18 жашка толгон жарандар добуш берүүгө укуктуу. Шайлоо мыйзамы, жасалган кылмыштын оордугун эске албоосуз, эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткандарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылгандарды шайлоо укугунан ажыратат. Бул эл аралык стандарттарга да, милдеттенмелерге да каршы көрүнүш.[31]

Шайлоочуларды каттоо пассивдүү түрдө жүргүзүлөт. Шайлоочулардын тизмелери Калктын бирдиктүү реестринин негизинде Мамлекеттик Каттоо Кызматы (МКК) тарабынан түзүлөт.[32] Шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн бардык 16 жашка жеткен жарандар биометрикалык

---

[29] Мисалы, 19 жана 26-октябрдагы отурумдар башталардан 17 жана 8 мүнөт мурун Телеграм каналында жарыяланган. 20-октябрда отурум башталгандан 10 мүнөттөн кийин, 24-октябрда отурум аяктагандан кийин гана жарыяланган.

[30] Мыйзам боюнча шайлоо комиссиялары, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоочуларды өз убагында жана анык маалымат менен камсыз кылууга милдеттүү.

[31] Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун 2006-жылдагы Конвенциясынын (МЧАК) 12 жана 29-статьяларын караңыз. МЧАК комитетинин 2013-жылдагы № 4/2011 билдирүүсүнүн 9.4-пункту менен дагы таанышыңыз, анда 29-берене эч кандай негиздүү чектөөлөрдү караштырбайт, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын кандайдыр бир тобу үчүн эч кандай өзгөчөлүктөргө жол бербейт. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 24-пунктунда “Демократиялык коомдо укуктарды жана эркиндиктерди кандайдыр бир чектөөлөр колдонулуп жаткан мыйзамдын максаттарынын бирине тиешелүү болууга жана ушул мыйзамдын максаттарына так пропорционалдуу болууга тийиш” деп айтылат.

[32] Шайлоочулардын реестри, жарандарга көрсөтүлүүчү электрондук кызматтардын өкмөттүк порталы болгон, Түндүк интерактивдүү платформасына жаңыртуулар ыкчам болушу үчүн БШКга байланыштырылган.

жарандык каттоодон өтүүгө милдеттүү.[33] БШКнын маалыматы боюнча, негизинен чет өлкөлөрдө жашаган 290 миңдей жаран, биометрикалык каттоодон өтпөгөндүктөн, шайлоо укугунан ажырап калууда.[34] Ички миграция жөнүндө мыйзамда калктын реестринде жашаган дарегин жокко чыгаруу үчүн бир нече негиздер каралган.[35]

Шайлоого төрт ай мурун кабыл алынган мыйзамдык өзгөртүүгө ылайык, БМОдо өткөрүлүүчү шайлоодо добуш берүүнү каалаган шайлоочулар шайлоо күнүнө 90 күн калганга чейин ошол шайлоо округунда жашаган дареги боюнча катталышы керек.[36] Кабарларга караганда, 2020-жылдагы парламенттик шайлоодон кийин добуштарды сатып алууга каршы кепилдиктерди киргизүүгө багытталган өзгөртүүлөрдөн кийин шайлоочулардын убактылуу жашаган жерин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү алынып салынган.[37] ДИАУБ ШБМдин маектештери бул учурда катталган дареги боюнча жашабагандардын добуш берүү укугун ишке ашырууга тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн деген кооптонуусун билдиришти.

9- ноябрда алынган маалымат боюнча шайлоочулардын алдын ала тизмесине 3 миллион 699 миң 46 шайлоочу кирди, алардын 52 пайызы аялдар. Өлкөдөн тышкары добуш берүүгө 75 651 шайлоочу катталган.[38] Чет өлкөдөгү шайлоочулар жалпы республикалык бирдиктүү шайлоо округунда гана добуш берүүгө укуктуу. Шайлоочулар шайлоо күнүнө кеминде 80 күн калганда башталган, 12- ноябрда аяктай турган коомдук көзөмөл мезгилинде УШКларда же мамлекеттик веб-портал аркылуу өздөрүнүн маалыматтарын текшерип, оңдоолор үчүн кайрыла алышат. Ооруканалардагы, тергөө абагындагы, үзгүлтүксүз иштөө (нөөмөттүк) ишканалардагы, аскердик объекттердеги жарандар үчүн шайлоочулардын тизмелери мекеменин же ишканалардын жетекчилери тарабынан берилген маалыматтардын негизинде түзүлөт, ал тизме добуш берүү күнүнө 12 күн калгандан кечиктирбей тиешелүү УШКга өткөрүлөт.[39]

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО ЖАНА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕЛЕРИ

Соттуулугу жоюлбагандарды кошпогондо, шайлоо күнү 25 жашка толгон жана жогорку билими бар шайлоо укугуна ээ шайлоочулар шайланууга укуктуу.[40] Башка жарандыгы барлар да шайлана алышпайт.

---

33 Өлкөдө 107 өкүлчүлүгү бар МКК биометрикалык каттоону жүргүзүүгө жооптуу.

34 Бул көрсөткүч 2021-жылдагы акыркы президенттик шайлоодогу көрсөткүчкө (450 миң) салыштырмалуу 36 пайызга азайган.

35 Жашаган дареги төмөнкүдөй учурларда жокко чыгарылышы мүмкүн: ээлеген турак жайдан соттун чечими боюнча чыгарылуу, соттолуу, аскердик кызматка чакырылуу же бурмаланган маалымат боюнча катталуу.

36 Жалпы улуттук шайлоо округунда добуш берүү үчүн мындай талап жок.

37 Шайлоочуларга катталган жеринин ордуна азыркы жашаган жери боюнча добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берген буга чейинки №2 форма жергиликтүү шайлоочулар үчүн жоюлду. Бирок мыйзам өлкөдөн тышкаркы шайлоочуларга азыркы жашаган жери боюнча добуш берүүгө уруксат берет.

38 2020-жылдын октябрындагы акыркы парламенттик шайлоодон бери шайлоочулардын жалпы саны дээрлик 5 пайызга, ал эми чет өлкөдө катталгандардын саны эки эсеге көбөйдү.

39 Ден соолугунун абалы боюнча же мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигинен добуш берүү үчүн шайлоо участкасына бара албаган же ооруканаларда, убактылуу кармоочу жайларда же аскердик мекемелерде болгон шайлоочулар да убактылуу жашаган жери боюнча добуш берүү үчүн тиешелүү УШКга түз кайрыла алышат. Бул шайлоо күнүнө чейин үч күндөн кечиктирбестен жасалууга тийиш.

40 Жакында кабыл алынган жогорку билим талап боюнча сотко кайрылуу болгон. («Арыздар жана даттануулар» бөлүмүн караңыз).

Жалпы улуттук шайлоо үчүн талапкерлер саясий партиялар тарабынан талапкерлердин тизмелери аркылуу сунушталат. БМОлор аркылуу катышкан талапкерлер саясий партиялар тарабынан, ал эми көз карандысыз талапкерлер өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлүшү мүмкүн. Партиялар бирдиктүү шайлоо округу боюнча 54 талапкерге чейин жана ар бир БМО боюнча бирден талапкерден турган талапкерлердин тизмесин көрсөтүүгө укуктуу. Көз карандысыз талапкерлер БМО аркылуу гана шайлана алышат.

Талапкерлердин тизмесин же БМОдо талапкерлерди каттоо үчүн талапкерлер шайлоо түрүнө жараша, тиешелүү түрдө, 1 миллион сом жана 100 000 сом күрөө төлөшү керек. Эгерде талапкерлердин тизмеси же БМО талапкери шайлоо түрүнө жараша, тиешелүү түрдө, 1 пайыз жана 5 пайыз добуш алса, күрөө кайтарылып берилет. Талапкер шайлоого катышкан аймакта жашоосу талап кылынбайт. Талапкерлердин тизмесинде ар бир жыныстагы талапкерлердин 30 пайыздан кем эмеси болушу зарыл, мында тизмедеги аз дегенде ар бир төртүнчү талапкер азыраак көрсөтүлгөн жыныста болушу керек.[41] Мыйзамга ылайык, ар бир шайлоого катышкан партия экиден кем эмес мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамды талапкерлердин тизмесине киргизип, алардын бирөөсү алгачкы 25 адамдын арасында болушу керек. Эгерде кааласа, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга талапкерликке арыз берүүдө нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арыздын негизинде башка адам жардам көрсөтүшү мүмкүн.

БШК, 29-октябрда алынган маалымат боюнча, талапкерлердин 21 тизмесин жана БМОлорго 321 талапкерди каттады. Тизмеде катталган талапкерлердин жалпы саны - 1036, алардын ичинен 372 - аял (36%), ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер - 46, улуттук азчылыктардын өкүлдөрү - 189 (18%) жана 35 жашка чейинки адамдар - 267 (26%). БМО боюнча шайлоого 20 гана аял (6 пайыз) катталган.

Талапкерлер шайлоо күнүнө үч күн калганга чейин шайлоонун эки түрүнөн тең чыгып кете алышат; тизмелерде талапкерлерди алмаштырууга жол берилбейт. 9- ноябрда алынган маалыматка карата, бир мандаттык округдардагы каттоодон 17 талапкер чыгып, 304 талапкер калды, ал эми партиялык тизмеден 16 талапкер чыкты. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери, анын ичинде БШК, каттоодон өткөндөн кийин квотаны сактап калууга мыйзам кепилдик бербегендиктен, квотанын сакталышына байланыштуу кооптонуусун билдиришти.

31 талапкер шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүктөн жана үч талапкер жогорку билими тууралуу диплом тапшырбагандыктан катталган жок. Акыркы өзгөртүүлөрдөн улам, БШК спикерлик кызматты саясий жана коомдук кызмат болгондуктан болочок талапкер кызматтан кетиши керек деп таап, парламенттин спикери Талант Мамытовду “*Ынтымак*” партиясынын тизмесинде каттоодон баш тартты.[42] Кийинчерээк бул чечим апелляциялык тартипте жокко чыгарылган (*Арыздар жана даттанууларды* көрүңүз).

---

[41] Мындан тышкары, Шайлоо мыйзамы талапкерлердин тизмеси үчүн дагы бир катар квоталарды киргизет, тизмелеринин катталышы үчүн партиялар бул квоталарды аткарышы керек. Тизмедеги талапкерлердин кеминде 15 пайызы улуттук азчылыктардан; 15 пайызы 35 жаштан кичүүлөр болушу керек. Мыйзам ар бир категория үчүн атайын тизмеде жайгаштыруу талаптарды белгилейт.

[42] Шайлоо мыйзамына киргизилген акыркы өзгөртүүлөр мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин айрым категориялары үчүн кызматтан кетүү же эмгек өргүүсүнө чыгуу милдетин киргизди. БШК бул жаңы талап административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануудан коргоо куралы катары колдонулат деп түшүндүрдү. БШКнын маалыматы боюнча, 136 талапкер мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарын бошотушкан же эмгек өргүүсүнө чыгышкан.

## VIII. ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮ

Шайлоонун үгүт өнөктүгү расмий түрдө 29- октябрда, талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин башталып, 27- ноябрда добуш берүүгө 24 саат калганга чейин созулмакчы.

Мамлекеттик жана жергиликтүү администрациялар талапкерлерге дебаттар же чогулуштар сыяктуу үгүт иштерин уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, коопсуздукту жана басмырлоосуз өткөрүү үчүн жайларды камсыз кылууга милдеттүү. Үгүт өнөктүгү азыркыга чейин жай жүрүп, көрнөк-жарнактар жана плакаттар өлкө боюнча акырындап пайда боло баштады.[43] Мындан тышкары, ДИАУБ ШБМ маектештери социалдык тармактар партиялар да, БМО аркылуу талапкерлер тарабынан да үгүт куралы катары колдонулаарын белгилешти.

Талапкерлерге, ошондой эле алардын жакын туугандарына, шайлоо дайындалган учурдан тартып анын жыйынтыктары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө жол берилбейт. Өнөктүк учурунда диний темаларды колдонууга, концерттерге жана театралдаштырылган оюн-зоокторго тыюу салынат. Жаңы жоболор административдик ресурстарды кыянаттык пайдаланууну жоюуга багытталган. Учурдагы эрежелер боюнча, талапкерлер айрым саясий кызматтардан баш тартууга же эмгек өргүүсүнө чыгууга милдеттүү.[44] АШКлар расмий үгүттөө учурунда бул жоболордун аткарылышын көзөмөлдөйт жана ишке ашырат.

Үгүт өнөктүгү башталганга чейин БШКга добуштарды сатып алуу боюнча алты арыз түшкөн.[45] Бир аким (район жетекчиси) айрым партиянын кызыкчылыгын көздөгөн деген айып менен шайлоонун аягына чейин кызматынан алынган, ДИАУБ ШБМ маектештери бул окуяны бардык мамлекеттик кызматкерлерге эскертүү катары баалашты.[46]

Үгүт өнөктүгү башталганга бир нече жума калганда президент өнөктүк өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалдын туруктуулугуна түздөн-түз таасирин тийгизерин бир нече жолу баса белгилеп, шайлоо таза өткөрүлүп, үгүт өнөктүгү кынтыксыз уюштурулушу керектигин

[43] 9-ноябрь күнүнө карата 14 жолугуу байкалды – Талас облусунда – 4, Нарын облусунда – 4, Ошто – 2, Чүй, Баткен, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын ар биринде 1ден чогулуш өттү. Жолугууларды уюштурган партиялар: Ата Журт - Кыргызстан (3); Азаттык (3); Бүтүн Кыргызстан (2); Ыйман Нуру (1); Ишеним (1); КСДП жана Эл үмүтү (1); Бир мандаттуу округдарга өзүн-өзү көрсөткөн талапкерлер 2 жолугуу өткөрүшкөн. 14 жолугуунун жетиси жалпы улуттук шайлоо; үчөө БМО, жана төртөө эки жарыш үчүн тең өткөрүлгөн.

[44] Саясий кызматтарды ээлеген талапкерлер (депутаттардан тышкары), мамлекеттик ишкананын, муниципалдык ишкананын, мекеменин, 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) үлүшү бар ишканалардын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчиси болуп иштеген талапкерлер шайлоого көрсөтүлгөн учурдан тартып өз ыйгарым укуктарын токтотушу керек. Мамлекеттик кызматты ээлеген талапкерлер, мамлекеттик кызматтын түрүнө карабастан (мамлекеттик, аскердик, укук коргоо, дипломатиялык), муниципалдык кызматчылар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери, талапкер болуп көрсөтүлгөн учурдан тартып расмий же кызматтык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну токтотот. Мындай кызматтардын тизмеси Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин реестринде көрсөтүлөт.

[45] Бир арыз батирдин ачкычын тартуулаган талапкерге, экинчиси мектеп формасын тараткан талапкерге жазылган.

[46] Бул тууралуу президент 23-октябрда салтка айланган ири пресс конференцияда (көбүнчө жылдын аягында өткөрүлөт) билдирди. 27-октябрда министрлер кабинетинин төрагасы кызматтан кетип жаткандыгын парламентке жарыялады.

белгиледи.[47] Ал ошондой эле журналисттерге эч кандай куугунтук болбойт деп ишендирди. Президент Жапаров 1- ноябрда шайлоочулардын эркин тандоосун камсыз кылуу максатында бардык шайлоо комиссияларына, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызматкерлерине шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо мыйзамдарын так сактоону талап кылган жарлыкка кол койду.[48]

## IX. ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО

Үгүт өнөктүгү жеке булактардан каржылана алат, ал эми түздөн-түз мамлекеттик каржылоого уруксат берилбейт. Чет элдик, мамлекеттик же купуя булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан акчалай жардам алууга тыюу салынат. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча жакында киргизилген мыйзамдык өзгөртүүлөр БМОлор аркылуу катышкан айрым талапкерлерди каржылоо булактары, алар ала турган төгүмдөрдүн жалпы суммасына жана чыгашаларына чектөөлөрдү киргизди. Мыйзам ошондой эле жалпы республикалык бирдиктүү округдан шайлоого катышкан саясий партиялардын шайлоо фонддоруна чегерүүлөрдүн жалпы көлөмүнө чектөөлөрдү киргизет.

Мыйзам талапкерлерден жана партиялардан шайлоо фондун түзүүнү жана банк эсебин ачууну талап кылат, ал аркылуу бардык үгүт салымдары жана чыгашалары башкарылууга тийиш. Мындай эсептерден кеткен чыгымдар үгүт максаттарына гана жумшалышы мүмкүн.[49]
Үгүт салымынын жана чыгашасынын жогорку чеги болуп бүткүл өлкө боюнча, пропорционалдык система боюнча шайлоого катышкан саясий партиялар үчүн 300 000 000 сом (болжол менен 3 000 000 евро) жана БМОлор аркылуу катышкан талапкерлер үчүн 10 000 000 сом (болжол менен 100 000 евро) болуп белгиленген. Шайлоонун катышуучуларына акысыз же негизсиз арзандатылган баалар боюнча кызматтарды көрсөтүүгө же товарларды сатууга тыюу салынат. Кызматтан бошотуу шайлоолорго байланыштуу кызматтарды көрсөтүү үчүн шайлоочулардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, ишенимдүү адамдарына, байкоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө карата колдонулат.

Мыйзам БШКга шайлоо өнөктүгүнүн каржыланышына көзөмөл жүргүзүүгө жана үгүт иштеринин кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматты жана жаңыртууларды өзүнүн веб- сайтына жарыялоого милдеттендирет. Шайлоо фонддоруна эсеп ачууга ыйгарым укуктуу эки банк шайлоого катышкандардын кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматты БШКга күн сайын берип турууга милдеттүү. [50] 5- ноябрга карата, БШКнын сайтында бардык

---

[47] Бул темаларга президент 2021-жылдын 21-октябрында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын республикалык жолугушуусунда сүйлөгөн сөзүндө токтолгон. Ал 23-октябрдагы пресс конференцияда да ушул темаларга кайрылды.

[48] Жарлык КР президентинин веб-сайтында жайгаштырылган.

[49] БМО аркылуу катышкан талапкерлердин шайлоо фонддору бул булактардан каржылана алат: талапкердин өз каражаты (150 000 сомдон ашык эмес); талапкерди сунуштаган саясий партиянын каражаттары (1 000 000 сомдон ашык эмес); жарандардын салымдары (бир жаранга 200 000 сомдон ашык эмес); жана юридикалык жактардын салымдары (бир юридикалык жакка 500 000 сомдон ашык эмес). Бирдиктүү шайлоо округунан катышкан саясий партиялардын шайлоо фонддору бул булактардан каржылана алат: партия тизмесине кирген талапкерлердин каражаттары (1 500 000 сомдон ашык эмес); саясий партиянын каражаттары (100 000,000 сом); жарандардын салымдары (бир жаранга 200 000 сомдон ашык эмес); жана юридикалык жактардын салымдары (бир юридикалык жакка 3 000 000 сомдон ашык эмес).

[50] Мамлекетке таандык *РСК банк* жана *Айыл банк* шайлоо фонддору үчүн атайын банктык эсептерди ачууга укуктуу. Маалыматтарды берүүнү жеңилдетүү үчүн алардын маалыматтык системалары БШК менен интеграцияланган.

21 саясий партиянын жана БМОлордо ат салышкан 304 талапкердин 280инин кирешелери тууралуу маалымат жеткиликтүү болгон. Бул маалыматка ылайык, шайлоо өнөктүгүнө сарпталган каражат боюнча үч саясий партия алдыда турат: "Ишеним" – 19,5 миллион сом, "Ата- Журт" – 17,6 миллион сом жана "Альянс" – 12,9 миллион сом. Жалпысынан улуттук шайлоого катышкан бардык саясий партиялар 120 180 392 сом алып, 102 478 016 сом сарпташкан. БМО боюнча 280 талапкер жалпысынан 119 миллион сом алып, 68 миллион сомдун тегерегинде жумшашкан.

Партиялар жана талапкерлер шайлоо күнүнө 10 күн калганда бир каржылык отчетту жана шайлоо күнүнөн 10 күн өткөндөн кийин акыркы отчетун берүүгө милдеттүү. БШК бул отчетторду шайлоодон кийин текшерет. Бирок мыйзамда, ДИАУБдун мурунку сунуштарына карабай, аудит кандай жүргүзүлүшү керектигин жана аудиттин жыйынтыктарын жарыялоо талабы кандай аткарылышы керектиги каралган эмес.

## X. МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

Медиа чөйрөсү жандуу жана ар түрдүү, ал 1,500дөй ММКдан турат, бирок КОВИД- 19 пандемиясынан улам дагы кыскарган чакан жарнама рыногу менен чектелген. Телекөрсөтүүлөр маалыматтын негизги булагы бойдон калууда, андан кийинки орунду таасири күчөй баштаган онлайн медиа жана социалдык тармактар ээлейт. Коомдук Телерадиоберүү Корпорациясы (*КТРК*) эң көп чагылдырууга жана көрүүчүлөргө ээ, кийинки орунда дагы бир мамлекет каржылаган Оштогу Элдик телерадиоберүү (*ЭлТР*) турат.[51]
Жаңы Конституция сөз эркиндигине, маалыматка жетүүгө кепилдик берет, цензурага тыюу салат жана ошондой эле жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга жол бербейт. 2011- жылы жалаа жабуу декриминализацияланганы менен, жарандык иштердин алкагында зыяндын ордун толтурууну талап кылууга чектөөлөр жок.[52]

Конституция ошондой эле маалыматтык коопсуздуктун мамлекет тарабынан корголушун камсыз кылат жана жаш муундарды коргоо максатында моралдык-этикалык баалуулуктарга жана коомдук абийирге каршы келген иш-аракеттерди чектейт. [53]

---

[51] 2021-жылдын февралында президент жарыялаган мыйзамдарды кеңири кайра кароо маалымат каражаттарына байланыштуу бир нече мыйзамга таасир этет («Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» 1992-жылдагы мыйзам, «Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө» 1997-жылдагы мыйзам жана 2011-жылдагы «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзам). 2021-жылдын 29-октябрында жергиликтүү медиа уюмдар жана адистер коомдук телерадиокомпаниянын статусун коомдуктан мамлекеттик абалга өзгөртүү каралган сунуштарга каршы нааразычылык билдиришти.

[52] 2019-жылдын ноябрында жана 2020-жылдын октябрында Уюшкан кылмыштуулукту жана коррупцияны чагылдыруу долбоору (УККЧД), *Kloop.kg* (УККЧДнын жергиликтүү өнөктөшү) жана *Азаттык* (Азаттык радиосунун Кыргызстандагы кызматы) белгилүү мамлекеттик кызматкерлердин коррупциялык аракеттери боюнча иликтөө макаласын жарыялашкан. Журналисттерге жана маалымат каражаттарына карата 780 000 еврого жакын суммадагы доо менен жалган жалаа боюнча иш козголгон. Бул чара ЕККУнун ММК эркиндиги маселелери боюнча өкүлү (ММЭӨ) тарабынан пропорционалдуу эмес деп табылган. Доогер коррупция боюнча күнөөлүү деп табылып, 2021-жылдын апрелинде доо арыздарды токтотууну чечкен.

[53] Венеция комиссиясы жана ЕККУ/ДИАУБ Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча Биргелешкен корутундусунда өсүп келе жаткан муунду коргоого же «Кыргыз Республикасынын элинин моралдык-этикалык баалуулуктарына жана коомдук аң-сезимине» шилтемени толугу менен алып салууну сунуштады. Булар "сөз эркиндигин жана ММКларды (мүмкүн башка эркиндиктерди) чектөө үчүн потенциалдуу негиз катары колдонулушу мүмкүн болгондуктан жана аларга өтө кенен жана так эмес түшүндүрмө берилгенидигинен юридикалык аныктык принцибине жооп берүүсү татаал көрүнөт".

28- июлда парламент «Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө» мыйзамды кабыл алды. Мыйзамда ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча өкүлү тарабынан сынга алынып, 2020- жылдын августунда экс-президент Жээнбеков тарабынан четке кагылган мыйзам долбоорунун (Маалыматты манипуляциялоо жөнүндө) формулировкасы кайра колдонулган.[54] Башка укуктук- ченемдик актыларда да сөз эркиндигин чектөөгө мүмкүнчүлүк берген кеңири жана так эмес жоболор камтылган.[55] Жалпысынан алганда, бул мыйзам өзүн- өзү цензуралоого алып келиши мүмкүн жана иликтөөчү жана сынчыл макалалардын жаралышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Шайлоо мыйзамы ММКдан шайлоонун катышуучуларына бирдей мамиле жасоону жана объективдүү жана ишенимдүү маалымат берүүнү талап кылат. Маалыматтык программаларда шайлоого байланыштуу баяндамалар өзүнчө маалымат блогунда жана комментарийсиз берилиши керек. ММКнын бардык түрлөрү БШКда милдеттүү аккредитациядан өткөндөн кийин акы төлөнүүчү жарнама үчүн убакытты жана мейкиндикти сунуштай алат. Жалпысынан 243 басылма, көбү онлайн түрдө, БШКда аккредитациядан өткөн.

Мыйзамда талапкерлердин тизмеси катталган партиялар жана жеке талапкерлер үчүн акысыз эфир убактысы каралган. Улуттук деңгээлде ар бир мамлекет каржылаган телерадиокомпания бардык тараптарга иш күнүндө кеминде бир саат убакыт берүүгө милдеттүү, ал эми аймактык деңгээлде 30 мүнөттөн кем эмес убакыт берилиши керек.

Жалпы убакыттын кеминде жарымы дебаттарга арналышы керек. Мыйзам шайлоонун катышуучуларынын “шайлоо ишмердүүлүгүнө” кеңири аныктама берет, бирок эркин эфирдик убакыттын ичинде башка атаандаштарын сынга алууга тыюу салат.[56]

30- октябрда, мыйзам талабына ылайык, БШК партияларга жана жеке талапкерлерге чүчүкулак аркылуу акысыз эфир убактысын бөлүп берди. 1- ноябрдан тарта мамлекеттик бюджеттен каржыланган *КТРК* жана *ЭлТР* телеканалдары прайм-тайм убактысын бөлүштүрө баштады. 29- августта БШКнын маалымат берүү жана үгүт иштери боюнча жумушчу тобу ММКнын жана шайлоонун катышуучуларынын үгүт эрежелерин сакташын көзөмөлдөө үчүн

---

54 ММЭӨ өзүнүн 2020-жылдын июнь айындагы билдирүүсүндө: «Түшүнүксүз юридикалык аныктамалар ММКларга жана социалдык медиа колдонуучуларына алардын иштеринин ыктымал терс натыйжасын алдын ала көрүү үчүн зарыл болгон юридикалык аныктуулукту камсыз кыла албайт», - деп тынчсызданусун билдирди. Мындан тышкары, так механизм жана тийиштүү процесс жок болгон учурда, "ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" тарабынан онлайн-контенттин жөнгө салынышы, сөз эркиндигин олуттуу чектөөгө алып келиши мүмкүн.

55 ММЭӨ өзүнүн 2021-жылдын октябрындагы билдирүүсүндө “Бириккен Улуттар Уюмунун 2015-2019-жылдар үчүн Универсалдуу мезгилдүү серебинин сунуштары Кылмыш-жаза кодексинин расалык, этникалык, диний жана башка кастыкты козутуу боюнча 313-беренесин Бириккен Улуттар Уюмунун Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын 19 жана 20-беренелерине ылайык карап чыгууга багытталган” деп белгиледи.

56 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 28 (6)-беренеси талапкер же саясий партия акысыз берилген эфир убактысын же мейкиндикти төмөнкүдөй максаттарда пайдалана алышпайт деп белгилейт: […] каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга; тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого; талапкерге же партияга тиешелүү маалыматтарды терс пикирлер менен коштоп жайылтуу; талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга […].

консультативдик комиссия катары түзүлдү.[57] Бул топ арыздардын негизинде иш алып барат жана көзөмөлдүн алкагында ММКларга мониторинг жүргүзбөйт. Берилген маалымат боюнча, топ сегиз отурум өткөрдү, анын экөөсүнө ШБМ байкоо жүргүздү.

22- октябрда ДИАУБ ШБМ алты телерадиоберүү каражаттарынын (беш теле жана бир радиостанция), бир басма жана алты онлайн маалымат каражаттарынын прайм-тайм программаларына алардын тиешелүү чагылдырылышына сандык жана сапаттык мониторинг жүргүзүү менен медиа мониторингин баштады.[58]

## XI. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Шайлоого байланыштуу даттануулар шайлоочулар, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар тарабынан берилиши мүмкүн. Шайлоо комиссияларынын чечимдери, иш аракеттери жана аракетсиздиги боюнча жогору турган шайлоо комиссияларына, ал эми БШКнын аракеттери боюнча Бишкек шаарынын административдик сотуна даттанууга мүмкүн, алардын чечими андан ары Жогорку Сотко апелляцияга берилиши мүмкүн.[59] Шайлоонун жыйынтыктары боюнча жеке талапкерлер, саясий партиялар жана алардын ишенимдүү адамдары гана апелляция бере алышат. Арыздарды ошондой эле прокуратурага жана милицияга жазууга болот.

БШК даттанууларды карап чыгуу жана БШКнын толук кароосуна чейин аларды чечүү боюнча консультациялык корутундуларды берүү үчүн өз мүчөлөрү менен кызматкерлеринен турган жумушчу топ түздү. Шайлоо мыйзамдарын бузууларга каршы чара көрүү максатында курамына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана прокуратуранын, милициянын жана улуттук коопсуздук органдарынын өкүлдөрү кирген Ыкчам чара көрүүчү тобу түзүлгөн.[60] Бул топтун ролу биринчи кезекте укук коргоо органдарына арыздарды өткөрүү болуп саналат. БШКнын арыздар реестринин маалыматы боюнча, азыркы учурга чейин БШКга 50дөй арыз келип түшкөн, анын ичинен 19у добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу; укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген 4 иш боюнча сотко чейинки тергөө жүрүп жатат. Үгүт иштерине байланыштуу арыздар боюнча БШК 5 талапкерге эскертүү берди. Бул даттануулар боюнча, анын ичинде колдонулган чаралар боюнча чечимдер БШК тарабынан анын веб-сайтында дайыма өз убагында жарыяланган эмес.

Бүгүнкү күндө БШКнын беш чечими Бишкектин административдик сотуна апелляцияга берилип, алар белгиленген мөөнөттөн кийин болочок талапкерлердин каттоо документтерин четке кагуу боюнча БШКнын эки чечимин күчүндө калтырды. Парламент төрагасын

57 Топ расмий түрдө 14 мүчөдөн турат, анын ичинде БШКнын эки мүчөсү, БШКнын кызматкерлери жана ММК боюнча тышкы эксперттер.

58 ДИАУБ ШБМ, ЭлТР, 5-канал (мамлекеттик), 7-канал, НТС (жеке) жалпы улуттук телеканалдардын прайм-тайм убакындагы трансляцияларына мониторинг жүргүзүүдө. ДИАУБ ШБМ ошондой эле Биринчи радионун (мамлекеттик), akipress.kg, azattyk.kg, kaktus.media, kloop.kg, sputnik.kg (россиялык Спутник каналынын жергиликтүү кызматы), 24.kg интернет-басылмаларынын саясатка байланыштуу мазмунуна мониторинг жүргүзүүдө, ошондой эле социалдык тармактардын шайлоого байланыштуу мазмунуна мониторинг жүргүзүүдө.

59 Шайлоо комиссияларына жана сотторго даттануулар жана апелляциялар, анын ичинде шайлоонун натыйжалары боюнча берилген апелляциялар, үч күндүн ичинде берилүүгө жана үч күндүн ичинде, кошумча иликтөө талап кылынса, беш күндүн ичинде, чечилүүгө тийиш. Жогорку сотко түшкөн апелляциялар беш күндүн ичинде каралышы керек.

60 Буга окшош жумушчу топтор АШКлардын деңгээлинде түзүлгөн.

каттоодон өткөрбөө боюнча бир чечимди административдик сот жокко чыгарды. БШК бул чечимди Жогорку Сотко кайра аппеляцияга берүүгө эки жолу аракет кылды. Эки учурда тең бул арыздар канааттандыруусуз калтырылган.[61]

Учурда тергөө абагында кармалган шайлоого талапкер Равшан Жээнбеков шайлоого катталгандан кийин, үгүт иштерин жүргүзүү үчүн боштондукка чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган. 3- ноябрда райондук сот анын арызын четке кагып, Кылмыш- жаза процесси жөнүндө кодексинде баш калкалоо чарасын өзгөртүүгө негиз катары катталган талапкердин статусу каралбагандыгын билдирди.

2021- жылы кабыл алынган Конституцияга ылайык Конституциялык сот түзүлгөн. Учурда анын курамына Жогорку Соттун мурдагы Конституциялык палатасынын судьялары кирет.[62] Конституциялык Сотко жалпысынан 20дай арыз келип түшкөн, анын ичинен үчөө талапкерликке коюлган талаптардын конституциялуулугу боюнча болгон. Сот ишин жөнгө салган, 30- сентябрда кабыл алынган конституциялык мыйзамга президент кол кое элек болгондуктан, бул маселени карай элек.

## XII. ЖАРАНДЫК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо мыйзамы шайлоо жараянынын бардык баскычтарына саясий партиялар, жарандык коом уюмдары жана эл аралык байкоочулар, ошондой эле биринчи жолу БМО аркылуу катышкан талапкерлердин өкүлдөрү тарабынан байкоо жүргүзүүнү камсыздайт.[63] БМОлор жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча ат салышкан саясий партияларда атаандашкан талапкерлер төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиясына экиге чейин, ал эми жарандык коом уюмдары үчкө чейин байкоочуну дайындай алат. Партиялардын жана талапкерлердин байкоочулары шайлоо администрациясынын бардык чечимдерине даттана алгандыгы менен, мыйзамда жарандык байкоочулардын шайлоону уюштуруу чечимдерине даттануусу каралган эмес.

ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери бейөкмөт уюмдар жөнүндөгү жаңы мыйзам жарандык коом уюмдарынын ишмердүүлүгүнө тоскоол болушу мүмкүн экенин белгилешти.[64] Жарандык байкоочулар шайлоо күнүнө чейин аккредитациядан өтө алышат.[65]

[61] Жогорку Сот биринчи аппеляцияны сотко өткөрүү жол-жоболору сакталбагандыгы менен негиздеп, канааттандырган эмес; экинчи даттануу мыйзамдуу мөөнөттөн кийин тапшырылгандыктан канааттандыруусуз калтырылган.

[62] “Конституция жөнүндө” мыйзамда Конституциялык палатанын судьялары өзүлөрүнүн Конституциялык соттун судьялары катары кызмат ордун сактап кала тургандыгы белгиленген.

[63] Бул укуктар БМО аркылуу катышкан талапкерлерге жайылышы түшүнүктүү болгону менен, шайлоо мыйзамына муну түздөн-түз чагылдыруу үчүн өзгөртүүлөр киргизилген эмес.

[64] Акыркы түзөтүүлөр каржылык отчеттуулукка жаңы талаптарды киргизет, алар каржылоо булактарын ачык көрсөтүүнү талап кылат, айрым БӨУлар бул донорлорго тобокелдик жаратышы мүмкүн деп эсептешет. Каржылык отчеттуулуктун толук процедуралары жарыялана элек болгондуктан, жаңы мыйзамдардын (же түзөтүүлөрдүн) мындан аркы таасири кандай болоору да белгисиз.

[65] 9-ноябрга карата байкоо жүргүзүү үчүн БШК тарабынан беш жарандык байкоочу тобу расмий каттоодон өткөн. БШК 5-ноябрда Kloop Медианы каттоодон баш тартты, анткени шайлоолорду байкоо анын уставында каралган эмес. Бирок, «Kloop Медиа» шайлоо жараянын чагылдыруу үчүн массалык маалымат каражаты катары аккредитацияланды.

# XIII. ДИАУБ ШБМ ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛГАН ИШ ЧАРАЛАР

ДИАУБ ШБМ расмий түрдө 19- октябрда Бишкекте маалымат жыйыны менен ачылды. Уюм борбордук жана аймактык деңгээлдеги шайлоо жараянынына кызыкдар тараптар менен жумушчу байланыштарды түздү. ДИАУБ ШБМ Тышкы иштер министрлигинин, БШКнын, Мамлекеттик каттоо кызматынын өкүлдөрү жана дипломатиялык коомчулук менен жолугушту. ДИАУБ ШБМ БШК, шайлоо жараянынына катышкан мамлекеттик институттар, талапкерлердин шайлоо штабдары, саясий партиялар, жарандык коом жана ММК менен үзгүлтүксүз байланыштарды түздү. ЕККУнун Парламенттик ассамблеясы жана Европа Кеңешинин Парламенттик ассамблеясы (ЕКПА) шайлоо күнүнө байкоо жүргүзүү үчүн делегация жиберүү ниетин билдирди. ЕККУнун Төрагасы Питер Жуэль Йенсенди атайын координатор жана ЕККУнун бул шайлоодогу кыска мөөнөттүү байкоочулар миссиясынын жетекчиси кылып дайындады.

***Бул отчеттун англис тилиндеги түп нускасы гана расмий документ болуп саналат. Отчеттун кыргыз жана орус тилдерине расмий эмес котормосу бар.***